**КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ**
**ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ**
**ЭКОЛОГИЯЛЫК ИНЖЕНЕРИЯ БӨЛҮМҮ**

# АБАДАГЫ ТЕХНОГЕНДИК ГАЗДАРДЫН КӨЛӨМДҮК ӨЛЧӨМДӨРҮНҮН БАСЫМ ЖАНА ТЕМПЕРАТУРАДАН КӨЗ КАРАНДЫ ӨЗГӨРҮҮСҮН ЭКОЛОГИЯЛЫК БААЛОО (КИЧИ ЖАНА ОРТО КУБАТТУУЛУКТАГЫ МЕШТЕРДИН МИСАЛЫНДА)

**(МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯ)**

**Мирлан МОЛДОБАЕВ**

**БИШКЕК - 2012**

**КЫРГЫЗ-ТҮРК МАНАС УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ**

**ЭКОЛОГИЯЛЫК ИНЖЕНЕРИЯ БӨЛҮМҮ**

# АБАДАГЫ ТЕХНОГЕНДИК ГАЗДАРДЫН КӨЛӨМДҮК ӨЛЧӨМДӨРҮНҮН БАСЫМ ЖАНА ТЕМПЕРАТУРАДАН КӨЗ КАРАНДЫ ӨЗГӨРҮҮСҮН ЭКОЛОГИЯЛЫК БААЛОО (КИЧИ ЖАНА ОРТО КУБАТТУУЛУКТАГЫ МЕШТЕРДИН МИСАЛЫНДА)

**(МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯ)**

**Молдобаев Мирлан**

**Илимий жетекчиси:**

**т.и.д., проф. З.К. МАЙМЕКОВ**

**БИШКЕК - 2012**

**ЧЕЧИМ**

Кыргыз-Түрк Манас Университетинин Табигый Илимдер Институтунун экзамендик инструкциясынын ..….-жобосунун ылайык ……№ жыйында уюшулган комиссия, экологиялык инженерия бөлүмүнүн магистранты Мирлан Молдобаевдин “*Абадагы техногендик газдардын көлөмдүк өлчөмдөрүнүн басым жана температурадан көз каранды өзгөрүүсүн экологиялык баалоо (кичи жана орто кубаттуулуктагы мештердин мисалында)”* темасында жазган магистрдик диссертациясын анализдеп, / /2012 ж. саат …... жактоого кабыл алынды.

Магистрант …...минута убакыт ичинде магистрдик диссертациясын жактап, комиссия (*көпчүлүк добуш менен/бир добуштан)* (*Кабыл алынбайт/Кабыл алынсын/ Кайра оңдолсун)* деген чечим чыгарды.

Жюри төрагасы:
*г-м.и.д., проф. Сакиев К.С.*

Жюри мүчөсү (жетекчи)
*т.и.д., проф. З.К. Маймеков*
*Кыргыз-Түрк Манас университети*

Жюри мүчөсү:
*т.и.д., проф. К.А. Кожобаев*
*Кыргыз-Түрк Манас университети*

Жюри мүчөсү:
*х.и.к., доц. К.А. Сартова*
*Кыргыз-Түрк Манас университети*

Жюри мүчөсү:
*б.и.к. Н.Э. Тотубаева*
*Кыргыз-Түрк Манас университети*

27/12/ 2012

**KIRGIZİSTAN – TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ**
**FEN BİLİMLER ENSTİTÜSÜ MÜDÜRLÜĞÜNE**

Çevre Mühendisliği Bilim Dalı öğrencisi 1051Y02001 numaralı Mirlan MOLDOBAEV'in hazırladığı 'ATMOSFERİK HAVADAKİ KİRLETİCİ GAZLARIN BASINÇ VE SICAKLIĞA BAĞIMLI OLARAK HACİM ORANININ DEĞİŞİMİN ÇEVRESEL DEĞERLENDİRME (ORTA VE KÜÇÜK GÜÇLERDEKİ BUHAR KAZANLARI ÖRNEĞİNDE)' konulu Yüksek Lisans ile ilgili tez savunma sınavı ........./........./2012 yılı günü ................... saatleri arasında yapılmıştır, adayın tezinin .............................(başarılı / başarısız) olduğuna ........................... .............................. (oy birliği / oy çokluğu) ile karar verilmiştir.

Jüri Başkanı
Prof. Dr. Kadırbek SAKİYEV

Jüri Üyesi (Tez Danışmanı)
Prof. Dr. Zarlık MAYMEKOV

Kırgızistan – Türkiye Manas Ünivertsitesi

Jüri Üyesi
Prof. Dr. Kanatbek KOCOBAYEV

Kırgızistan – Türkiye Manas Ünivertsitesi

Jüri Üyesi
Doç. Dr. Külümkan SARTOVA

Kırgızistan – Türkiye Manas Ünivertsitesi

Jüri Üyesi
Doç. Dr. Nurzat TOTUBAYEVA

Kırgızistan – Türkiye Manas Ünivertsitesi

27/12/ 2012

## КЫСКАЧА МАЗМУНУ

Даярдаган: Молдобаев Мирлан
Университет: Кыргыз Түрк Манас университети
Багыты: Экологиялык инженерия адистик багыты
Иштин сыпаты: Магистрдик диссертация
Беттердин саны: XIII+70
Бүтүрүү датасы: / /2012
Илимий жетекчи: т.и.д., проф. Маймеков Зарлык Капарович

**Абадагы техногендик газдардын көлөмдүк өлчөмдөрүнүн басым жана температурадан көз каранды өзгөрүүсүн экологиялык баалоо (кичи жана орто кубаттуулуктагы мештердин мисалында)**

Атмосфералык аба жерге жакынкы катмардагы газ жана аэрозолдордун аралашмасы катары белгилүү, ал өмүрдү камсыздоочу эң негизги табигый чөйрө. Атмосфералык абанын кирдеши – адамга, тамак-аш чынжырына жана айлана-чөйрөгө дайыма таасир берүүчү эң күчтүү фактор. Бул фактордун таасирин азайтуу максатында негизги түзүүчүлөрдүн (техногендик газдардын) мүнөздөмөлөрүн тереңирээк изилдеп үйрөнүү зарыл.

Бул иштин максатыабадагы техногендик газдардын көлөмдүк өлчөмдөрүнүн басым жана температурага байланыштуу өзгөрүүсүн эсептөө жана ага экологиялык жактан анализ жүргүзүү.

Иштин биринчи бөлүмүндө өндүрүштөрдө колдонулган орто жана кичи кубаттуулуктагы мештердин түрлөрү, мүнөздөмөлөрү жана бул мештерде органикалык отундарды жагууда бөлүнүп чыккан техногендик газдардын өлчөмдөрүн көрсөтүүчү маалыматтар берилди. Экинчи бөлүмүндө болсо бул газдардын көлөмдүк өлчөмдөрүнүн басым жана температурага жараша өзгөрүүлөрүнө карата эсептөөлөр жүргүзүлдү. Эсептөөлөрдүн негизинде басым жана температуранын жогорулашынын эсебинен газдардын концентрацияларынын өзгөрүүсүнүн байланыштары алынды. Иштин үчүнчү бөлүмүндө мештерде жагылуучу суюк отундун түрү кадимки мазутту жана мазуттун суулуу эмульсиясын жагууда бөлүнгөн техногендик газдардын концентрациялары боюнча айлана-чөйрөгө келтирген материалдык зыяндар эсептелинди, зыяндардын азайышы орун алды жана жыйынтык айырмалары көрсөтүлдү.



**Негизги сөздөр:** *техногендик газ, меш, концентрация*

# ÖZET

Yazar : Mirlan Moldobaev
Üniversite : Kırgızistan –Türkiye Manas Üniversitesi
Anabilim Dalı : Çevre Mühendisliği
Tezin Niteliği : Yüksek Lisans Tezi
Sayfa Sayısı : XIII + 70
Mezuniyet Tarihi : …../…../2012….
Tez Danışmanı : т.b.d., prof. Z.K. MAYMEKOV

**Atmosferik havadaki kirletici gazların basınç ve sıcaklığa bağımlı olarak hacim oranının değişimin çevresel değerlendirme (orta ve küçük güçlerdeki buhar kazanları örneğinde)**

Atmosferik hava Yer'e yakın en düşük bir tabakadaki gazlarla aerosollerin karışımı gibi bellidir. Atmosferik hava ömrü sağlayan en önemli doğal ortamdır. Hava kirliliği – insana, gıda zinciri ve çevreye sürekli etki edenen güçlü faktördür. Bu faktörlerin etkisini azaltmak için kirletici maddelerin (kirletici gazların) özelliklerini incelemek gereklidir.

Bu çalışmanın amacı, kirletici gazların hacim oranının sıcaklık ve basınç ortamına bağlı olarak değişimin bir çevresel açıdan hesaplamak ve ortaya koymaktır.

Bu işin birinci bölümünde üretimde kullanılan orta ve küçük güçlerdeki buhar kazanların türleri, performansları ve bu araçlarda organik yakıtları kullanılırken havaya atılan gazlar hakkında veriler gösterilmiştir. İkinci bölümde ise gazların hacim oranının sıcaklık ve basınç ortamına bağlı olarak değişimin hesaplamaları yapıldı. Bu hesaplamalar esasında basınç ve sıcaklığın artması ile konsantrasyonların değişim bağıntıları elde edildi. Bu çalışmanın üçüncü bölümünde ise mazot (fuel oil) ve onun su emülsiyonu yakılırken atılan kirletici gazlar konsantrasyonları esasında çevreye olan zararı hesaplandı ve bu zararlar azaldı, onlar aralarındaki farklılıklar gösterildi.

**Anahtar Sözcükler:**kirletici gaz,buhar kazanları,konsantrasyon

# АБСТРАКТ

Выполнил: Молдобаев Мирлан
Университет: Кыргызско-Турецкий Университет Манас
Направление: Экологическая инженерия
Описание работы: Магистерская диссертация
Количество страниц: XIII + 70
Дата завершения: ......../......../2012
Научный руководитель: д.т.н., проф. Маймеков Зарлык Капарович

**Экологическая оценка изменения объемных соотношений техногенных газов в воздухе в зависимости от давления и температуры (на примере котлоагрегатов средней и малоймощности)**

Атмосферный воздух известна нам как самый низший слой атмосферы состоящей из газов и аэрозолей, а так же самой главной природной средой обеспечивающей жизнь. Загрязнение атмосферного воздуха – самый сильный фактор постоянного воздействия на человека, пищевую цепочку и окружающую среду. В целях снижения воздействия этого фактора необходимо изучить характеристики основных загрязнителей (техногенных газов).

Целью данной работы является вычисление и анализ с экологической точки зрения изменения объемных соотношений техногенных газов в воздухе в зависимости от давления и температуры среды.

В первой главе работы даны разновидности и характеристики котельных агрегатов малой и средней мощности используемых в производстве, а также данные об объемах техногенных газов выделяемых при сжигании органических топлив в данных котельных агрегатах. Во второй главе даны вычисления изменений объемных соотношений в зависимости от давления и температуры среды. На основе этих вычислений выявлены изменения концентраций газов при увеличении давления и температуры среды. В третьей главе данной работы были вычислены материальные ущербы на окружающую среду от концентрации техногенных газов при сжигании мазута и водной эмульсии мазута, а также показаны разницы итогов между ними.


**Ключевые слова:** *техногенный газ,котел, концентрация*

# ABSTRACT

Prepared : Mirlan MOLDOBAEV
University : Kyrgyz-Turkish Manas University
Direction : Environmental Engineering
Character of Work : Master's Thesis
Number of Pages : XIII + 70
Date of Graduation : ……./……./2012
Scientific Adviser : Prof. Dr. Zarlik MAYMEKOV

**Ecological estimation of the changes volume correlations of technogenic gases in air depending on pressures and temperatures (an example a steam boilers of an average and small capacity)**

Atmospheric air it is known to us as the most lowest layer of atmosphere consisting of gases and aerosols, and as for the most important environment providing life. Pollution of atmospheric air - the strongest factor of constant influence on the person, a food chain and environment. With a view of decrease in influence of this factor it is necessary to study characteristics of the basic pollutants (technogenic gases).

The purpose of the given work is calculation and the analysis from the ecological point of view of change of volume parities of technogenic gases in air depending on pressure and temperature of environment.

In work chapter 1 versions and characteristics of boiler units of small and average capacity used in manufacture, and also the data about volumes of technogenic gases allocated are given at burning organic fuels in the given boiler units. In the second chapter calculations of changes of volume parities depending on pressure and temperature of environment are given. On the basis of these calculations schedules of changes of concentration of gases are reproduced at increase in pressure and temperatures of environment. In the third chapter of the given work material damages on environment from concentration of technogenic gases have been calculated at burning of fuel oil and water emulsion offuel oil, and also differences of results between them are shown.


**Keywords:** *technogenic gas, a copper, concentration*

**МАЗМУНУ** бет.


| | |
|---|---|
| ЧЕЧИМ………………………………………………………………….. | III |
| КЫСКАЧА МАЗМУНУ……………………………………………….. | V |
| ÖZ…………………………………………………………………………. | VI |
| АБСТРАКТ............................................................................................... | VII |
| ABSTRACT……………………………………………………….. | VIII |
| МАЗМУНУ……………………………………………………………….. | IX |
| КЫСКАРТУУЛАР…………………………………………………… | X |
| ТАБЛИЦАЛАР ТИЗМЕГИ……………………………………….. | XI |
| СҮРӨТТӨР ТИЗМЕГИ……………………………………………… | XIII |
| **КИРИШҮҮ**……………………………………………………………. | 1 |
| **БӨЛҮМ 1. АДАБИЯТТЫК АНАЛИЗ……………………………….** | 3 |
| *1.1. Өндүрүштөгү кичи жана орто кубаттуулуктагы мештер жана алардын техникалык мүнөздөмөлөрү…………………………………………….* | 3 |
| 1.1.1. Өндүрүштөгү кичи жана орто кубаттуулуктагы мештер…………… | 3 |
| 1.1.2. ДКВР-10 (-20) мештер…………………………………………….. | 8 |
| 1.1.3. Е- (ДЕ-) тибиндеги буу мештери…………………………………... | 9 |
| 1.1.4. ПТВМ- тибиндеги суу жылытуучу мештер…………………….......... | 11 |
| *1.2. Техногендик газдардын кичи жана орто кубаттуулуктагы мештердеги өлчөмдөрү жана өндүрүштүк-экологиялык стандарттары* | 13 |
| 1.2.1. Техногендик газдардын кичи жана орто кубаттуулуктагы мештердеги өлчөмдөрү…………………………………………………………… | 19 |
| 1.2.2. Өндүрүштүк-экологиялык стандарттар……………………………… | 21 |
| **БӨЛҮМ 2. ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК БӨЛҮК………………………….** | 25 |
| *2.1. Техногендик газдардын көлөмдүк өлчөмдөрүнүн басымыга байланыштуу өзгөрүүсү....................……………………………………………..* | 25 |
| 2.1.1. Газдардын концентрациясынын бирдиктеринин өткөрүү коэффициенттери жана алардын басымга байланыштуу өзгөрүшү........... | 25 |
| *2.2. Техногендик газдардын көлөмдүк өлчөмдөрүнүн температурага байланыштуу эсептөө.........................................................................................* | 35 |
| 2.2.1 Техногендик газдардын көлөмдүк өлчөмдөрүн чөйрөнүн температурасына байланыштуу эсептөө...................................................... | 35 |
| **3. НАТЫЙЖАЛАР.........................................................................** | 49 |
| 3.1. Абадагы техногендик газдардын бирдик өлчөмдөрүнүн басым жана температурадан көз карандылыгын экологиялык баалоо.......................... | 49 |
| 3.2. Абадагы техногендик газдардын концентрациясын жана коромжусун суюк отундардын эмульсияларын колдонуу менен азайтуу .. | 58 |
| **КОРУТУНДУЛАР**............................................................................... | 67 |
| **АДАБИЯТТАР**.................................................................................. | 68 |

## КЫСКАРТУУЛАР

| | |
|---|---|
| ЖЭЦ | жылуулук электроцентрали (борбору) |
| ЖЭС | жылуулук электр станциясы |
| МВт | мегаватт |
| МПа | мегапаскаль |
| ПАК | пайдалуу аракет коэффициенти |
| ЧДК | чектүү деңгээлдеги концентрация |
| ЧДУ | чектүү деңгээлдеги учуу |
| ЧДТ | чектүү деңгээлдеги төгүлүү |
| ЧДБ | чектүү деңгээлдеги басым |
| ж. б. | жана башка |

# ТАБЛИЦАЛАР ТИЗМЕГИ


| | |
|---|---|
| Таблица 1.1.2.1 | ДКВР- буу мештеринин техникалык мүнөздөмөлөрү |
| Таблица 1.1.3.1. | Е- (ДЕ-) тибиндеги буу мештеринин техникалык мүнөздөмөлөрү |
| Таблица 1.1.4.1 | ПТВМ- тибиндеги мештердин техникалык мүнөздөмөлөрү |
| Таблица 1.2.1.1 | Көмүртек суутектердин түрлөрү |
| Таблица 1.2.1.2 | Таш көмүрдү жагууда мештердеги түтүн газдарынын($NO_x$, $SO_x$, $CO$)концентрациялары |
| Таблица 1.2.1.3 | Суюк жана газ отун түрүндөгү отундарды жагуудагы ар түрдүү типтеги жана өндүрүмдүүлүктөгү мештердин физико-техникалык көрсөткүчтөрү жана атмосферага чыккан газдардын саны, концентрациялары |
| Таблица 1.2.1.4 | Катуу, суюк жана газ түрүндөгү отундар жагылуудагы мештерден чыккан түтүн газдарындагы заттардын салыштырмалуу ыргытылуу нормативдери |
| Таблица 1.2.2.1 | Калк жайгашкан жердеги атмосфералык абада булгоочу заттардын топтолуусунун уруксаат берилүүчү чеги, мг/м$^3$ |
| Таблица 2.1.1.1 | Газдардын молдук массаларынын$M\left(\frac{г}{моль}\right)$ маанилери |
| Таблица 2.1.1.2 | СО газынын концентрациясынын басымга байланыштуу өзгөрүшү |
| Таблица 2.1.1.3 | $NO_2$ газынын концентрациясынын басымга байланыштуу өзгөрүшү |
| Таблица 2.1.1.4 | $SO_2$ газынын концентрациясынын басымга байланыштуу өзгөрүшү |
| Таблица 2.1.1.5 | $V_2O_5$концентрациясынын басымга байланыштуу өзгөрүшү |
| Таблица 2.1.1.6 | $CH_4$ газынын концентрациясынын басымга байланыштуу өзгөрүшү |
| Таблица 2.1.1.7 | $C_2H_4$ газынын концентрациясынын басымга байланыштуу өзгөрүшү |
| Таблица 2.1.1.8 | $C_2H_2$ газынын концентрациясынын басымга байланыштуу өзгөрүшү |
| Таблица 2.1.1.9 | $C_6H_6$ газынын концентрациясынын басымга байланыштуу өзгөрүшү |
| Таблица 2.2.1.1 | СО газынын концентрациясынын температурага байланыштуу өзгөрүшү |
| Таблица 2.2.1.2 | $NO_2$ газынын концентрациясынын температурага байланыштуу өзгөрүшү |

| | |
|---|---|
| Таблица 2.2.1.3 | $SO_2$ газынын концентрациясынын температурага байланыштуу өзгөрүшү |
| Таблица 2.2.1.4 | $V_2O_5$концентрациясынын температурага байланыштуу өзгөрүшү |
| Таблица 2.2.1.5 | $CH_4$ газынын концентрациясынын температурага байланыштуу өзгөрүшү |
| Таблица 2.2.1.6 | $C_2H_4$ газынын концентрациясынын температурага байланыштуу өзгөрүшү |
| Таблица 2.2.1.7 | $C_2H_2$ газынын концентрациясынын температурага байланыштуу өзгөрүшү |
| Таблица 2.2.1.8 | $C_6H_6$ газынын концентрациясынын температурага байланыштуу өзгөрүшү |
| Таблица 3.1.1 | Мазут жагуудагы техногендик заттардын концентрациясы жана зыяндуулук коэффициенттери |
| Таблица 3.1.2 | Өнөр жай мештеринин түрлөрү жанамүнөздөмөлөрү |
| Таблица 3.1.3 | Зыяндуулук короможунун эсептелген жыйынтыктары |
| Таблица 3.2.1 | Мазут эмульсиясын жагуудагы техногендик газдардын концентрациясы жана зыяндуулук коэффициенттери |
| Таблица 3.2.2 | Өнөр жай мештеринин түрлөрү жана мүнөздөмөлөрү |
| Таблица 3.2.3 | Коромжу эсептөөлөрдүн жыйынтыктары |
| Таблица 3.2.4 | Келтирилген зыяндардын айырмалары |

## СҮРӨТТӨРДҮН ТИЗМЕГИ


| | |
|---|---|
| 1.1.1.1-сүрөт | Буу меш орнотмосунун схемасы |
| 1.1.1.2-сүрөт | Мештердеги суу, суу-буу аралашмасы жана буунун кыймылынын айлануусунун схемасы |
| 1.1.2.1.-сүрөт | ДКВР-10-14ГМ мешинин жайгашуу схемасы |
| 1.1.3.1.-сүрөт | Е-16-14ГМ (ДЕ-16-14ГМ); Е-25-14ГМ (ДЕ-25-14ГМ) тибиндеги буу мештери |
| 1.1.4.1-сүрөт | ПТВМ-100 тибиндеги сууну жылытуу меши |
| 2.2.1.1- сүрөт | Газдардын концентрациясынын($CO$, $NO_2$)басым жана температурага байланыштуу өзгөрүшү |
| 2.2.1.2- сүрөт | Газдардын концентрациясынын($SO_2$; $V_2O_5$)басым жана температурага байланыштуу өзгөрүшү |
| 2.2.1.3- сүрөт | Газдардын концентрациясынын($CH_4$; $C_2H_4$)басым жана температурага байланыштуу өзгөрүшү |
| 2.2.1.4- сүрөт | Газдардын концентрациясынын($C_2H_2$; $C_6H_6$)басым жана температурага байланыштуу өзгөрүшү |

## КИРИШҮҮ

Азыркы мезгилде илимий-техникалык өнүгүү адамдын шаарларда ыңгайлуу сезүүсүнө шарт түзөт. Себеби өткөн кылымга салыштырмалуу адамга мүмкүн болгон ар кандай шарттар пайда болду. Алар: суу түтүктөр, жылуулук менен камсыздоо, жарык берүү системалары ж.б. Бул шарттарды колдонуу күнүмдүк адатка айланган сыяктуу, буларсыз жашоону элестетүү мүмкүн эмес. Бирок илимий-техникалык өнүгүү адамзатка зыян тараптарын да көрсөтпөй койгон жок. Алардын ичинде айлана-чөйрөнүн кирдөөсү абдан чоң мааниге ээ.

Бүгүнкү күндө атмосфералык абанын техногендик газдар менен булгануусу актуалдуу маселелерден болуп саналат. Бул газдар өнөр жайда, жылытуу процесстеринде, транспорттук кыймылда отундарды колдонуудан, ошондой эле өнөр жайдан жана турмуш-тиричиликтен чыккан калдыктарды жагуунун натыйжасында атмосферага бөлүнүп чыгат. Атмосфералык абада техногендик газдардын көп болушу адамдардын ден соолугуна, айлана-чөйрөгө терс таасирлеринен өзгөчө адамдарда өпкө, нерв, тери ж.б.у.с оорулардын жылдан жылга өсүүсүн, флора жана фаунанын булганышы сыяктуу фактыларды атасак болот.

Техногендик газдардын атмосфералык абага ыргытылуусунун булактарынын бири бул өнөр жай жана жылытуу процесстеринде отундарды жагуу болуп эсептелет. Ар кандай түрдөгү отундарды жагуудагы күйүү процессинин натыйжасында адам ден-соолугуна жана айлана-чөйрөгө зыяндуу болгон газдар бөлүнүп чыгат. Алардын катарына көмүркычкыл газы, азот кош кычкылы, күкүрт кош кычкылы, ванадий кычкылы жана көмүрдүү суутек газдары кирет. Бул газдардын концентрацияларына көптөгөн факторлор таасир этет. Алардын ичинен пайдалуу аракет коэффициенти аз болгон мештердин пайдаланышы, начар сапаттагы отундардын колдонулушу, жагуу жолдорунун эскириши ж.б.у.с.

Өлкөбүздө да мындай түрдөгү маселелер жок эмес. Өлкөбүздүн гидроэнергетикалык потенциалы жогору бааланганды ктан кыш мезгилиндеги жылытуу процесстери үчүн дагы деле көмүр, мазут жана жыгач түрүндөгү

отундар колдонулуп келет. Бул отундардын арзан баалуу, бирок экологиялык көз караштан алып караганда булар айлана-чөйрөгө жана адамдын ден соолугуна өтө зыяндуу. Зыяндуулугунун себеби болуп, алардын курамында күкүрт, азот жана минералдык түзүүчүлөрдүн кармалуусу саналат. Мындай курамдагы отундар жагылганда жогоруда эскертилген газдар пайда болот.

Бул газдардын атмосфералык абага ыргытылуусун токтотуу үчүн салттык отундардан такыр баш тартып, алардын ордуна зыянсыз отун түрлөрүн же энергия булактарын колдонуу зарыл. Зыянсыз энергия булактарына күн, шамаал энергиялары кирет. Акырындык менен Жер планетабызда казылып алынуучу энергетикалык кен байлыктарыбыз азайып келгендиктен бул энергия булактарын өндүрүү абдан максаттуу экенин унутпашыбыз керек. Мындай иш чараларды тезинен ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүбүз жок болгондуктан аталган техногендик газдардын атмосфералык абага ыргытылуу өлчөмдөрүн азайтуу керек. Техногендик газдардын ыргытылуу концентрацияларын азайтуу үчүн алар жөнүндө маалыматтар керек.

Магистрдик диссертация техногендик газдардын (CO, $NO_2$, $SO_2$, ыш ($V_2O_5$), $CH_4$, $C_2H_4$, $C_2H_2$, $C_6H_6$) чөйрөгө тийгизген зыяндуулугун аныктоого жана экологиялык баалоого багытталган. Ошондой эле иште кичи жана орто кубаттуулуктагы өнөр жай мештеринде суюк отундун (мазут) күйүүсүнүн натыйжасында жана ушул эле мештерде мазуттун ордуна мазут-суу эмульсиясын колдонууда пайда болгон техногендик газдардын суммардык өлчөмдөрүн экологиялык-экономикалык өз ара салыштыруу максаты турат.

# БӨЛҮМ 1. АДАБИЯТТЫК АНАЛИЗ

## 1.1. Өндүрүштөгү кичи жана орто кубаттуулуктагы мештер жана алардын техникалык мүнөздөмөлөрү

### *1.1.1. Өндүрүштөгү кичи жана орто кубаттуулуктагы мештер*

Өндүрүш – экономикалык мааниде ар кандай түрдөгү экономикалык азыкты жаратуу процесси. Жаратылыш ресурстарын адамдар тарабынан өздөрүнүн тиричилик кылуу үчүн материалдык шарт түзүү максатында кайра өзгөртүүсү аталат.

Өндүрүштүк мекеме да өз иретинде – *өндүрүш* деп да аталып келет. Ошого жараша өндүрүштүн төмөндөгүдөй категориялары келип чыгат:

- Айыл чарба өндүрүшү (жана анын тармактары – токой чарба, мал чарба, балык чарба ж. б.) – жаратылыштын табигый күчтөрүнүн жардамы менен жаныбар жана өсүмдүк азыктарын өндүрүү;
- Өнөр жай өндүрүшү (казып алуучу жана иштетүүчү тармак) – чийки затты адамдын пайдалануусу үчүн жарамдуу түргө иштетүү.[1]

Мындан сырткары энергетика тармагы да өндүрүштүн тармактарынын бири болуп эсептелет. Энергетиканын өнүгүүсүнүн негизги багыты болуп эл чарбачылыгынын керектөөлөрүнө сарпталуучу жылуулук жана электр энергиясын борборлоштурулган иштеп чыгаруу мекемелери саналат. Жылуулук жана электр энергиясынын өндүрүүнүн негизги булагы бул жылуулук электр станциялары (ЖЭС) болуп эсептелет. ЖЭСтерде отундун химиялык энергиясынын колдонуу аркылуу жылуулук жана механикалык электр энергиясын алышат. Ушул эле максат үчүн да ядронун жана суунун энергиясы колдонулат.

Ал эми жылуулук жана электр энергиясын бирдиктүү иштеп чыгуу экономдуу экени бизге термодинамикадан белгилүү. Бул учурда керектөөчүнү борборлоштурулган жылуулук менен камсыздоо үчүн турбинадагы иштетилген буу колдонулат. Мындай электростанциялар – жылуулук электроцентрали (ЖЭЦ; ТЭЦ) деп аталат.[2]

---

[1]www.wikipedia.ru
[2]К.Ф. Роддатис Котельные установки. «Энергия», Москва, 1977, 5-6 бет.

Централдык (борбордук) жылуулук электростанцияларынан тышкары райондук жылытуучу жайлар (райондук мештер) да бар. Алар бир же бир нече райондогу турак имараттарды жылытуу үчүн кызмат кылышат. 1.1.1.1-сүрөттө буу меши бар райондук жылытуучу жайдын схемасы берилген. 4 - бул эки барабандуу (өйдөңкү жана ылдыйкы) буу меши. Эки барабан бири-бири менен мештин жылытуу тегиздигин түзгөн түтүктөрдүн үч боосу менен бириккен. Мештин иштөөсүндө ылдыйкы барабан суу менен толтурулган болот, өйдөңкүдө болсо түб жагында гана суу болот жана калган жагы каныккан суу буусу менен толтурулат. 2- бул от жагылуучу бөлүк, ал өз учурунда ысык түтүн эки барабан арасындагы түтүктөрдү жана 3-буу ысыткычты ысытып, 5-экономайзер жана 6-аба жылыткычты да жылытат. Муздаган түтүндөр 8-соргуч менен сорулуп, 7-түтүн моруна айдалат. Иштеле турган суу болсо 1-насос аркылуу суу экономайзеринен берилет. Ал жерден жылыган суу мештин өйдөңкү барабанына берилет да, андан түтүктөр аркылуу ылдыйкы барабанга толот. Түтүктөрдүн тутамынын сол жагы менен толгон ылдыйкы барабандан, суу кайра өйдөңкүгө көтөрүлөт. Бул учурда суу бууланып пайда болгон буу өйдөңкү барабандын үстүңкү бөлүгүндө чогулат. Андан кийин 3-буу ысыткачтан түтүндүн жылуулугу эсебинен буу кургайт жана анын температурасы жогорулайт. Ал жерден бул буу колдонуучуга таралуучу негизги буу түтүгүнө түшөт. Колдонулгандан кийин конденсацияланып, ысык суу түрүндө кайра артка кайтат.

Буу мештери иш аткаруусу боюнча бөлүнүшү:

- Энергетикалык мештер – буу турбиналарында колдонулуучу бууну өндүрүүчү мештер;
- Өндүрүштүк мештер – технологиялык керектөөлөр үчүн колдонулуучу бууну өндүрүүчү мештер;
- Меш-утилизаторлор – технологиялык циклдин негизинде пайда болгон газдарды жагуудагы ысык суу же бууну өндүрүүчү мештер.

Жылуулук ташуучу чөйрөлөрдүн (түтүндөр, суу жана буу) салыштырмалуу кыймылы боюнча эки топко бөлүнөт:

- Газ түтүктүүлөр (ысык буу түтүктүү, түтүн түтүктүү) мештер
- Суу түтүктүү мештер




1.1.1.1-сүрөт.Буу меш орнотмосунун схемасы: 1- иштелүүчү суу берүүчү насос; 2- от жагуучу камера; 3- кайра жылытуучу; 4- буу меши; 5- экономайзер; 6- абаны жылытуучу жабдык; 7- түтүн мору; 8- түтүндү айдоосу насос; 9- күйүү процессине аба жиберүүчү вентилятор

Суу түтүктүү буу мештеринде түтүк ичинде суу же суу-буу аралашмасы өтүп турат, түтүн газдары болсо түтүктөрдү сыртынан капташат. Ал эми газ түтүктүү мештерде болсо тескерисинче.

Суу түтүктүү мештерде суу жана суу-буу аралашмасынын кыймылынын принциби боюнча эки түргө бөлүнөт:

- Барабандуу (табигый жана зордолгон айлануу (циркуляция) менен, бууланyy тегиздик боюнча бир жолку өтүүдө суу бир бөлүгү гана бууланат, калганы барабанга кайтат жана бул процесс кайталанат);
- түз багыттуу (мештин кириш жана чыгышында чөйрө артка кайтпастан бир гана жолу өтөт).

*Буу жана ысык суу өндүрүү үчүн мештер* конструкциялык тышкы көрүнүштөрүнүн көп түрдүүлүгү, аракет принциби, колдонулуучу отун түрү жана өндүрүмдүүлүгү боюнча айырмаланышат. Мештер иш аткаруу багытына негизделип жылытуучу, өндүрүштүк-жылытуучу, өндүрүштүк жана энергетикалык болуп бөлүнөт.

Өндүрүлүүчү жылуулук ташуучу түрүнө жараша меш орнотмолору - буу берүүчү жана суу жылытуучу болуп бөлүнөт.

*Энергетикалык мештер* чоң кубатуулука (1000 МВт чейин) ээ болушат жана алар электростанцияларда орнотулат. Алар жылуулук жана электр энергиясын иштеп чыгууда колдонулган температурасы 575°С жана басымы 25 МПа болгон өтө ысытылган суу буусун иштеп чыгарат.

Өндүрүш жана өндүрүштүк-жылытуучу жайларда орнотулган өнөр жай мештери өнөр жайлардын ар кандай тармактарындагы технологиялык процесстерде жана жылытуу системасын жылуулук энергиясы менен камсыздоодо, вентиляцияда, жана суу менен камсыздоодо колдонулуучу температурасы 450 °С жана басымы 4 МПа чейин жеткен каныккан же өтө ысытылган бууну иштеп чыгарат.

Буу мештеринин иштөөсү *номиналдуу буу өндүрүмдүүлүгү* жана иштелип чыгуучу буунун параметрлери (басым, ысытылуучу температурасы) менен мүнөздөлөт. *Номиналдуу буу өндүрүмдүүлүгү* – буу жана бууга айландырылуучу суунун номиналдуу маанидеги параметрлери аркылуу узак мөөнөттө эксплуатациялоо шартында меш камсыздоочу эң жогорку өндүрүмдүүлүк. Буу өндүрүмдүүлүгү боюнча өнөр жай буу мештерин кичи (25 т/саат чейин), орто (35-75 т/саат) жана чоң (100 т/саат жогору) болуп болүнөт.

Жылуулукту ташуучу – суу, суу-буу аралашмасы жана бууну кыймылга келтирүү ыкмалары катары – эки топтогу мештерди айырмалашат: жылуулукту ташуучунун табигый айлануусу менен (1.1.1.2-а сүрөт) жана мажбурланган (1.1.1.2-б, в сүрөт). Конструкциясы боюнча акыркылар өз ара көп жолку жана бир жолку мажбурланган айлануудагы мештер болуп бөлүнөт (1.1.1.2-б жана 1.1.1.2-в сүрөт).

Ал эми колдонулган отун түрүнө карата мештер:*газда*; *суюк отунда*, мазутта, дизелдик отунда ж. б. иштөөчү болуп бөлүнөт; *катуу отундук*: таш жана күрөң көмүрдө, антрацитте, торфто, күйүүчү катмарларда, жыгач отунда, майда жыгачта иштөөчү болот; *бирдиктүү* - бир нече түрдүү отунда (газ-мазут, газ-катуу отун ж.б.) иштөөчү мештер болуп айырмаланат.



1.1.1.2-сүрөт. Мештердеги суу, суу-буу аралашмасы жана буунун кыймылынын айлануусунун (циркуляция) схемасы: а – табигый; б - көп жолку зордолгон; в – зордолгон бир багыттуу; 1- барабан; 2- буу жылыткыч; 3- суу экономайзери; 4- камсыздоочу насос; 5- жылытуучу (подъемные) түтүктөр; 6- кайтаруучу түтүктөр; 7- айлантуучу насос; 8- жылуулуктун бууландыруучу тегиздиги; *q*- жебе менен көрсөтүлгөн багытта аракет этүүчү жылуу агымы

Буу мештери кичине (0,88; 1,36; 2,36 МПа), орто (3,9 МПа), чоӊ (9,8 жана 13,6 МПа) жана өтө чоӊ (25 МПа) басымдагы мештер болуп айырмаланат.

Конструкциясы боюнча мештер *секциялык, ысык түтүктүү, ысык газ түтүктүү, суу түтүктүү, горизонталдуу-суу түтүктүү, вертикалдуу-суу түтүктүү* жана жылытуу тегиздигинин материалы боюнча *чоюндуу* жана *болотон*жасалган болуп бөлүнөт.

*Транспортабелдүүлүгү* (ташылышы) боюнча кыймылсыз негизде орнотулуучу *стационардуу* жана *кыймылдуу* болуп бөлүнөт.

Буу мештерин маркировкалоо (белгилөө) үчүн төмөнкү маанилер колдонулат: Е – табигый айлануусу бар меш; П – түз багыттагы мештер; Пр – мажбурланган айлануучу стационардуу жана бууну өтө ысыткычы жок меш. Буу мештеринин өзгөчөлүктөрүн мүнөздөө төмөндөгүдөй болот: биринчи сан – мештин т/саат бирдигиндеги буу өндүрүмдүүлүгү; экинчи сан – буу басымы, МПа (же кгс/см$^2$); кийинки тамга символдору – колдонулуучу отундун көрсөтүлүшү. Мисалы Е-2,5-13ГМ меши – бул табигый айлануу менен 1,3 МПа (же кгс/см$^2$) басымдагы 2,5 т/саат буу өндүрүүчү газ-мазутуу буу меши.

Өндүрүүчү заводдор көпчүлүк учурда өздөрүнүн белгилөө системасын колдонушат. Мисалы ДКВР-10-13 меши – эки барабандуу, суу түтүктүү буу меши кайрадан курулган жана 1,3 МПа (же 13 кгс/см$^2$) басымдагы 10 т/саат буу өндүрүүчү меш.[3]

[3]Б.А. Соколов Паровые и водогрейные котлы малой и средней мощности. «Академия» - Москва, 2010. 5-9 бет

***1.1.2. ДКВР-10 (-20) мештери.*** Эки барабандуу, суу түтүктүү табигый айлануусу менен буу мештери басымы 39 атм чейинки өтө ысытылган же каныккан суу буусун алууга колдонулат (1.1.2.1.-сүрөт). Каллориялуугу жогору болгон 4000-8500 ккал/нм$^2$ газды жана мазутту жагууда көмүрдүкүнө караганда жогорураак (14 т/саат) өндүрүмдүүлүктү берет. Энергетикалык бууну алуу үчүн мештерге атайын бууну 440$^0$С ге чейин кошумча ысытуучу менен жабдылат. Таш, күрөң көмүрлөрдү жана кара сланец отундары жагылуучу мештерде ПМЗ – ЛЦР, АС маркаларындагы антрациттерди жагууда ПМЗ – ЧЦР механикалык торчолор менен, жыгач калдыктарын жагуу үчүн ылдамдыктуу Померанцев жагуучу менен жабдылат. Ал эми фрезердик торф менен жагуу үчүн мештер Шершнев жагуучусу менен жабдылат. Газ жана суюк түрдөгү отундарды жагуу үчүн атайын камера жана газ-мазуттук горелкалар менен жабдылат. Катуу отундарды жагууда мештер атайын газ түтүктөрүндө аягына чейин күйүүгө жетишпей калган чөгүндүлөрдү кайра жагууга кайтаруучу жабдык менен жабдылат.




1.1.2.1.-сүрөт ДКВР-10-14ГМ мешинин жайгашуу схемасы: 1- бууга айлануучу суу; 2-каныккан буу; 3-меш суусу; 4-жалпы колдонуудагы буу; 5- жылытуу аймагы; 6-дренаж жана убак-убактысы менен үйлөө.

Таблица 1.1.2.1 де ДКВР-10-13; ДКВР-10-13/250; ДКВР-10-23/370; ДКВР-10-13ГМ; ДКВР-20-13ГМ буу мештеринин техникалык мүнөздөмөлөрү берилген.

Таблица 1.1.2.1.

ДКВР- буу мештеринин техникалык мүнөздөмөлөрү[4]

| **Меш түрү→**<br>Көрсөткүчтөр ↓ | **ДКВР-10-13** | **ДКВР-10-13/250; ДКВР-10-23/370** | **ДКВР-10-13ГМ** | **ДКВР-20-13ГМ** |
|---|---|---|---|---|
| Катуу отун жагуудагы мештин буу өндүрүмдүүлүгү, т/саат | 10 | 10 | 10 | 20 |
| Буунун иш басымы, атм. | 13 | 13; 23 | 13 | 13 |
| Өтө ысытылган буунун температурасы, $^0$C | 194 | 250; 370 | 194 | 194 |
| Ысытуу тегиздиги, м$^2$:<br>Радиациондук<br>Конвективдик<br>жалпы | <br>47,9<br>229,1<br>- | <br>47,9<br>207,5<br>- | <br>47,9<br>229,1<br>227,0 | <br>51,3<br>357,4<br>408,7 |
| Отун чыгымы, м$^3$/саат (кг/саат) газ (мазут)* | - | - | 776(720) | 1550(1440) |
| Отун жагуудагы П.А.К., %<br>Б маркасындагы күрөң көмүр<br>ПЖ донецк көмүрү<br>Мазут/жаратылыш газы | <br>77,5<br>83,5<br>89,5/91 | <br>77,5<br>83,5<br>89,5/90 | <br><br><br>89,5/90 | <br><br><br>90/92 |
| Барабандардын ички диаметри, мм | 1000 | 1000 | 960 | - |
| Барабандардын каптал беттеринин калыңдыгы, мм | 13 | 13(20) | 40 | - |
| Экрандык жана кайнатуучу түтүктөрдүн өлчөмдөрү, мм | ∅51х2,5 | ∅51х2,5 | ∅51х2,5 | - |
| Алдыңкы түшүрүүчү түтүктөрдүн өлчөмдөрү, мм | ∅159х4,5 | ∅159х4,5 | - | - |
| Өлчөмдөрү, мм<br>Бийиктиги<br>Узундугу<br>Туурасы | <br>6310<br>8930<br>3830 | <br>6310<br>8930<br>3830 | <br>5660<br>10885<br>3830 | <br>7600<br>9700<br>3830 |
| Мештин металл бөлүктөрүнүн салмагы, кг | 15126 | 15732<br>18779 | 46775 | 43700 |

[4] Паровые котлы малой мощности, котлы-утилизаторы и вспомогательное оборудование котельных (каталог-справочник)

***1.1.3. Е- (ДЕ-) тибиндеги буу мештери.***Вертикалдуу суу түтүктүү болушат жана буу басымы 14 төн 24 МПа чейинки 10 дон 25 т/саат чейин буу өндүрүмдүүлүгүнө ээ. Өндүрүлгөн буу каныккан же начар ысытылган болот жана ал өнөр жай ишканаларынын өндүрүш керектөөлөрүнө, жылытуу сиситемасында, вентиляция жана ысык суу менен камсыздоодо колдонулат. От жагуу камерасы конвективдик тутамдын каптал жагында орун алган жана анын бул типтеги баардык мештерде бирдей болгон туурасы – 1790 мм, тереңдиги 1930-6960 мм болот. Мештин негизги түзүүчүлөрү: өйдөңкү жана ылдыйкы барабандар, конвективдик тутам, от жагуу камерасын түзгөн маңдайкы, арткы жана каптал экрандары (1.1.3.1-сүрөт).[5]

Мештер 0,7 ден 1,4 МПа, 1,8 ден 2,4 басым арасында номиналдуу ПАК азайтпастан иштетилүүсү мүмкүн.

ТаблицадаЕ-10-14ГМ (ДЕ-10-14ГМ); Е-16-14ГМ; (ДЕ-16-14ГМ); Е-25-14ГМ (ДЕ-25-14ГМ); Е-25-24ГМ (ДЕ-25-24-380ГМ)буу мештеринин техникалык мүнөздөмөлөрү берилген (табл. 1.1.3.1).

[5]НИИЭИНФОРМЭНЕРГОМАШ Котлы малой и средней мощности и топочные устройства. Отраслевой каталог. Москва, 1983

Таблица 1.1.3.1.

Е- (ДЕ-) тибиндеги буу мештеринин техникалык мүнөздөмөлөрү

| Көрсөткүчтөр | **Е-10-14ГМ (ДЕ-10-14ГМ)** | **Е-16-14ГМ; (ДЕ-16-14ГМ)** | **Е-25-14ГМ (ДЕ-25-14ГМ)** | **Е-25-24ГМ (ДЕ-25-24-380ГМ)** |
|---|---|---|---|---|
| Мештин буу өндүрүмдүүлүгү, т/саат | 10 | 16 | 25 | 25 |
| Буунун иш басымы, МПа (кгс/см$^2$). | 1,4 (14) | 1,4 (14) | 1,4 (14) | 2,4 (24) |
| Өтө ысытылган буунун температурасы, $^0$С | 194/225 | 194/225 | 194/225 | -/380 |
| Ысытуу тегиздиги, м$^2$: Радиациондук/Конвективдик/буу жылыткычтыкы | 40/116/15,02 | 48/156/10,08 | 60,5/212/10,08 | 68/224,8/50,35 |
| Барабандардын ички диаметри, мм | 1000 | 1000 | 1000 | 1000 |
| Барабандардын каптал беттеринин калыңдыгы, мм | 13 | 13 | 13 | 22 |
| Экрандык жана кайнатуучу түтүктөрдүн өлчөмдөрү, мм | ⌀51х2,5 | ⌀51х2,5 | ⌀51х2,5 | ⌀51х2,5 |
| Чоңдугунун өлчөмдөрү, мм Бийиктиги/Узундугу/Туурасы | 5050/6478/4300 | 4720/9235/5930 | 4720/11500/5770 | 4880/11500/5985 |
| Мештин металл бөлүктөрүнүн салмагы, кг | 13195 | 18200 | 24352 | |
| Мештин суу көлөмү, м$^3$ | 8,32 | 13,3 | 16,5 | 16,5 |




1.1.3.1.-сүрөт Е-16-14ГМ (ДЕ-16-14ГМ); Е-25-14ГМ (ДЕ-25-14ГМ) тибиндеги буу мештери

***1.1.4. ПТВМ- тибиндеги суу жылытуучу мештер.*** Өзүнчө жылытуу жайларында, ТЭЦ жана өнөр жай объектилеринин өндүрүштүк жана тиричилик керектөөлөрүндө: вентиляция, жылытуу системаларында, ысык суу менен камсыздоодо колдонулуучу температурасы $150^0$С болгон сууну алууга негизделген.

Суу жылытуучу ПТВМ меши –чечмелениши боюнча: жылуулуктунчоң маанисин камсыздоочу катары колдонулушу мүмкүн. Башында жалаң мазутта иштөөчү бул мештер Москва шаарында бардыгы газ отунуна өткөрүлгөн.

ПТВМ сериясындагы мештеринин төмөнкү түрлөрү бар:
ПТВМ-30, ПТВМ-50, ПТВМ-60, ПТВМ-100, ПТВМ-100 жана ПТВМ-180. Бул сандар жылуулук өндүрүмдүүлүк (Гкал/саат) мүнөздөмөлөрү болуп эсептелет. Бардык ПТВМ мештери көбүнчө конструкциялары боюнча бири-бирине окшош келишет. Алар мунара тибинде келишет, тик бурчтуу шахта түрүнө келтирилген жана ылдыйкы бөлүгүндө толугу менен экрандалган от жагылуучу камера жайгашкан (1.1.4.1.-сүрөт).




1.1.4.1-сүрөт ПТВМ-100 тибиндеги суу жылытуу меши: 1-конвективдик жылытуу тегиздиги; 2-конвективдик газ жүрүшүнүн жана от жагылуу камерасынын газ өткүс нык экрандары; 3- алты горелка; 4-эки үйлөөчү машина; 5- үйлөөчү машинага сорулуучу, күйүүчү азыктардын рециркуляция (кайтарылуучу) системалары.

Таблица 1.1.4.1

ПТВМ- тибиндеги мештердин техникалык мүнөздөмөлөрү

| Техникалык мүнөздөмөлөрү | ПТВМ-50 | ПТВМ-60 | ПТВМ-100 | ПТВМ-120 |
|---|---|---|---|---|
| Отун | газ/мазут | | | |
| Жылуулук өндүрүмдүүлүк, МВт | 58,2 | 69,8 | 116,3 | 139,6 |
| Кириштеги суунун температурасы, $^0C$ | 70 | | | |
| Чыгыштагы суунун температурасы, $^0C$ | 150 | | | |
| Гидравликалык каршылык, МПа | 0,25 | | | |
| Меш аркылуу суунун сарпталуусу, т/саат | 618 | 743 | 1235 | 1399 |
| Шартуу отундун салыштырмалуу сарпталышы (эсеп), $м^3$/МВтч / кг/МВтч | 154/132 | 156/134 | 156/134 | 155/133 |
| Меш ПАК, % газ (мазут) | 92,8 (91,1) | 91,7 | 92,3(90,1) | 92,3 |
| Азот кычкылынын салыштырмалуу ыргытылуусу газ(мазут) | 0,23 (0,34) | | | |
| Меш металлынын салмагы, кг | 106000 | 144000 | 245500 | 245500 |

**Техногендик газдардын кичи жана орто кубаттуулуктагы мештердеги өлчөмдөрү жана өндүрүштүк-экологиялык стандарттары**

Мештердеги отундарды (суюк, катуу жана газ түрүндөгү) жагуудагы бөлүнүп чыгуучу газдар – техногендик деп аталат. Бул газдар: күкүрт (IV) кош кычкылы ($SO_2$), күкүрт (VI) кычкылы ($SO_3$), азот (II) кычкылы (NO), азот (IV) кош кычкылы ($NO_2$), ис газы же көмүртек (II) кычкылы (CO), көмүртек (IV) кош кычкылы ($CO_2$), ванадий ангидриди ($V_2O_5$), көмүртектүү-суутектер ж.б.

Суюк, газ жана катуу абалындагы отундарды жагуу процессинин атмосфералык абага болгон таасири жагылуучу отундун курамы жана аны жагуу ыкмасына жараша болот.

Отундун иш массасынын элементардык курамы:

$$C^P + H^P + S^P + O^P + N^P + W^P + A^P = 100\% . \qquad (1.2.1.1)$$

Күйүү процессинде зыяндуу заттарды пайда кылууда отундун бардык элементтери катышат. Эң аз өлчөмдөгү экологиялык коркунучтуу курамында күкүрт $S^P$, отундук азот $N^P$ жана минералдык түзүүчүлөрдү $A^P$ кармабаган, көмүртек $C^P$ жана суутектен $H^P$ турган мисалы, жаратылыш газ отундарын жагуу көрсөтөт.

Отундун көмүртек-суутектик бөлүмүнүн толук күйүүсүнүн азыктары - $CO_2$ жана $H_2O$ зыяндуу эмес. Ошого карабастан отундун толук күйүү процесси да айлана-чөйрөгө терс тийгизет:

- атмосферада $CO_2$нин көбөйүүсү парник эффектисине шарт түзөт;
- чыгарылган газдардын таасирлеринен атмосферанын жылуулук кирденүүсү орун алат;
- күйүү процесстери дем алуу зонасындагы кычкылтекти көп талап кылат.

Отундун толук эмес күйүүсүндө аба көлөмүнүн көпчүлүгү зыяндуу болгон заттар менен (CO, сажа, көмүртек-суутектер, бензапирен ж.б.) кирденүүдө. Жогорку температура шарттарында бардык отундардын түрүн жагууда азот кычкылдары – $NO_X$ ($NO+NO_2$) пайда болот. NO кармалуусу -95-98%, $NO_2$ нин кармалуусу болсо - 2-5% түзөт. Атмосферага чыккандан кийин NO нун 70% $NO_2$ чейин кычкылданат. Отундун курамындагы күкүрттүн ($S^P$) жагуу камерасында жана атмосферага чыгарылганда $SO_X$ ($SO_2$+$SO_3$)

газдарынын пайда болушуна алып келет. Мында $SO_2$ –(98 –99)% , ал эми $SO_3$ – (1-2)% $SO_X$ түзөт.[6]

*Көмүртек кычкылы* (ис газы, көмүртек монокычкылы, CO) – түссүз, жытсыз, даамсыз ууландыруучу газ. Көмүртек кычкылыкурамында көмүртек кармоочу кайсыл болбосун отундун (бензин, солярка, мазут, жаратылыш газы, көмүр, жыгач) толук эмес күйүүсүнүн азыгы болуп эсептелет. Кайсыл гана болбосун органикалык заттын толук күйүүсүндө көмүртек кычкылы жана суу пайда болот.

Көмүртек кычкылы биринчи жолу француз химиги Жак де Лассон тарабынан 1776 жылы көмүр менен цинк кычкылын ысытууда алынган. Башында көмүртек кычкылы көк жалын менен күйгөндүгүнөн аны каталуу түрдө суутек катары кабыл алышкан. 1800-жылы англис химиги В. Крукшэнк анын курамында көмүртек менен кычкылтек бар экендигин аныктаган.

Көмүртек кычкылы жытсыз болгондуктан ууланууга жана өлүмгө алып келиши мүмкүн. Көмүртек кычкылы менен ууланууда баш оору, баш айлануу, кулактардагы ызы-чуу, күйүгүү, жүрөктүн бат-бат согушу, көз астында үлбүлдөө, беттердин кызарышы, жалпы эс оогандык, кусуу жана оор абалдарда дене титиреши, эс-учту жоготуу, эстен тануу белгиленген. Көмүртек кычкылынынзыяндуу аракети кандагы гемоглобин менен байланышуу кычкылтеке караганда 200-300 эсе ылдамыраак (бул учурда карбоксигемоглобин пайда болот) жүрүп, клеткалык дем алуу жана кычкылтекти ташуу процесстерин токтотот. Абадагы 0,1% концентрациясы бир саат ичинде өлүмгө алып келет.[7]

*Көмүртек (IV) кош кычкылы* (көмүр кычкыл газы, көмүртек ангидриди) - $CO_2$, түссүз, жытсыз, бир аз кычкыл даамдуу газ. Нормалдуу шарттарда тыгыздыгы - 1,97 кг/м$^3$. Атмосфералык басым астында көмүртек кош кычкылы катуу абалдан газ абалына өтүп суюк абалында боло албайт. Мунун катуу абалын кургак муз деп аташат.

---

[6]Лебедева Е.А. Экологическая оценка систем теплогазоснабжения и вентиляции: Учебное пособие. – Н.Новгород: Нижегород. гос. архит.-строит. ун-т, 2007. –5-6 с.
[7]Ахметов Н.С. Общая и неорганическая химия. 5-е изд., испр.- М.: Высш. шк.; 2003

Көмүркычкыл газы жер бетине күндөн келген спектрдин көрүнүүчү бөлүгүндөнү нурларды жана ультрафиолеттик нурун өткөзөт жана аны жылытат. Ошол эле учурда жерден бөлүнүп чыккан инфракызыл нурларын сиңирип глобалдык жылуу процессинде орун алган парник газы болуп саналат.

Жер атмосферадагы көмүркычкыл газынын концентрациясы орточо эсеп менен 0,038% түзөт.

Көмүртек кош кычкылы өтө зыяндуу эмес жана дем алууну камсыздабайт. Абадагы анын чоң сандагы концентрациясы дем кыстыгууну түзөт. Анын жетишсиздиги да коркунучтуу. Атмосферанын көмүркычкыл газы – өсүмдүктөр үчүн көмүртектин негизги булагы, бирок фотосинтез процесси учурунда гана, жарыктануусуз өсүмдүктөр да көмүркычкыл газын бөлүп чыгарат.

